«БЕКИТЕМИН»
Улуттук телерадио берүү
корпорациясынын Кыргыз радиосунун
продюсери __________ Т.А Сыдыкбекова
«___3___» ___октябрь___ 2024 г.

**1. Киргизүү автору**: Жунушова Сайкал Орозовна

**2. Илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларынын аталышы:** докторлук диссертация 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча "Кыргызстан жаштарынын социалдык иденттүүлүгү: абалы, келечеги" аттуу темага арналган.

**3. Кыскача аннотация:** Диссертациялык эмгекте негизинен жаштарды социалдык-демографиялык топ катары изилдөөнүн негизинде жана ошондой эле жаш муундун социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышында кезигип жаткан ар түрдүү социалдык көйгөйлөрдү "Биричи радио" жана "Кыргыз радиосу" аркалуу чагылдырууда эксперт катары иш алып барылды. Ар бир жаш инсандын жеке дүйнө таанымы ар кандай даражада жалпыга маалымдоо каражаттары же тагыраак айтканда, радио аркылуу чыгарылган маалымат аркылуу жайылтылган берүүлөрдөн калыптанат. Демек, жаштардын аң-сезими ар кандай радио берүүлөрдүн таасири астында дагы калыптанат, анткени көбүн эсе актуалдуу өсүп келе жаткан муундун көйгөйлөрүн чагылдырган берүүлөр негизинен радио аркылуу мобилдүү түрдө берилет. Маселен: салттуу үй-бүлө институтун сактоо, жаштардын арасында үй-бүлө баалуулугун пропагандалоо; жаштардын диний маданиятын калыптандыруу, экстремизм жана терроризмден сактоо; жаштардын сергек жашоого умтулуусун калыптандыруу; жаштардын арасында баңгиликти кантип жок кылуу керек; жаштардын саясий, электоралдык маданиятынын калыптанышы өңдүү берүүлөр дайыма уюштурулуп келүүдө. Жаштардын көйгөйлөрү ММК аркылуу жетиштүү чагылдырылып турушу зарыл. Кыргыз радиосунун "Башат", "Ак-Босого", "Улуттук нарк" программаларынын алкагында жаштардын ар кандай көйгөлөрү чагылдырылып келе жатат.

**4. Киргизүү эффектиси:** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары аркылуу радио угуучуларга, жаштардын арасындагы ар кандай социалдык көйгөлөрдү статистикалык, фактологиялык материалдардын жардамы менен жалпы угуучуларга жеткирүү. Радио берүүлөр аркылуу социологиялык иликтөөлөрдүн жыйынтыктарын угуучуларга, биричи кезекте жаштарга өз убагында жеткирүү керек. Мындай программалар жаштардын социалдык калыптанышы үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзөт, мамлекеттик жаштар саясатын реалдуу ишке ашырууга көмөктөшөт.

**5. Ишке ашыруунун орду жана убактысы:** илимий-изилдөө иштеринин натыйжалары Улуттук телерадио берүү корпорациясынын "Кыргыз радиосу" аркылуу 2019- 2024 -жылдары диссертант катышкан программалар аркылуу уктурулуп келүүдө.

**6. Киргизүү формасы:** изилдөөнүн натыйжалары, дисретациялык иште камтылган теориялык жана практикалык сунуштар негизинен "Кыргыз

радиосу", "Биринчи радио" аркылуу: жаштардын арасында салттык үй-бүлө институтун колдоо; жаштардын арасында сергек жашоону пропагандалоо; жаштардын диний маданиятынын калыптанышы; жаш үй-бүлөлөрдүн арасында ажырашуулардын себептерин аныктоодо; жаш үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун кесепеттери аттуу берүүлөрдү уюштурууда берилген. Диссертант 2011-жылдан тартып "Биринчи радионун" жана "Кыргыз радиосунун" эксперти болуп эсептелинет.

*Кыргыз радиосунун шеф- редактору* *Р. Тилемишова*

*Кыргыз радиосунун баяндамачысы* *Н. Абдукаимова*

*Кыргыз радиосунун баяндамачысы* *Ж. Мырзабекова*